*Евразия изилдөөлөрү ачык журналы*, 2026, №3, бб. 76-84
**doi:** 10.65469/eijournal.2026.3.8
eijournal.ilimbilim.kg

ТАРЫХ / ИСТОРИЯ / HISTORY
УДК 94(575.2)“1920/1930”:338.2

# 1920-1930-жылдардагы Кыргызстандагы индустриялаштыруу саясатынын карама-каршылыктары: тарыхый талдоо

**Бекешова Айжамал Акылбековна**
*магистрант, Ош мамлекеттик университети, Кыргызстан, bekeshova.aijamal.o3@gmail.com*

**Аннотация**

Макалада согушка чейинки беш жылдыктар мезгилиндеги (1920-1930-жж.) Кыргызстандагы индустриялаштыруу саясатынын ишке ашырылышы жана анын социалдык-экономикалык натыйжалары тарыхый-статистикалык өңүттө талданат. Изилдөөнүн актуалдуулугу советтик доордогу «ыкчам индустриялык өсүү» концепциясынын реалдуулук менен болгон карама-каршылыктарын объективдүү баалоо зарылчылыгы менен түшүндүрүлөт. Изилдөөнүн максаты – биринчи жана экинчи беш жылдыктардагы пландардын аткарылбай калуу себептерин жана региондун чийки заттык багыттагы мүнөзүн ачып берүү. Методологиялык негиз катары тарыхый-салыштырмалуу жана статистикалык талдоо усулдары колдонулуп, баштапкы нөлдүк деңгээлден берки өсүш динамикасы изилденди. Изилдөөнүн жыйынтыгында индустриялаштыруунун «тез өсүшү» статистикалык иллюзия экени, пландардын каржылык жактан 46,2% гана камсыздалганы жана транспорттук инфраструктуранын жетишсиздиги далилденди. Негизги корутунду катары индустриялаштыруу саясаты жергиликтүү кыргыз калкынын ичинде күчтүү жумушчу табын түзө албагандыгы жана республика союздук борбордун чийки заттык базасы катары кала бергендиги негизделди.

**Ачкыч сөздөр:** Кыргызстандын тарыхы, индустриялаштыруу, беш жылдык пландар, капиталдык салым, статистикалык талдоо, жумушчу табы, көмүр өнөр жайы, транспорттук инфраструктура

**Шилтеме үчүн:** Бекешова А.А. (2026). 1920-1930-жылдардагы Кыргызстандагы индустриялаштыруу саясатынын карама-каршылыктары: тарыхый талдоо. *Евразия изилдөөлөрү ачык журналы*, №3, бб. 76-84. doi: 10.65469/eijournal.2026.3.8

## Киришүү

Кыргызстандын советтик мезгилдеги тарыхында индустриялаштыруу жараяны өлкөнүн экономикалык жана социалдык келбетин өзгөрткөн эң негизги этап катары мүнөздөлүп келет. Узак убакыт бою согушка чейинки беш жылдыктарда республика индустриялаштыруу тармагында «абдан чоң ийгиликтерге жетишкен» деген бир тараптуу көз караш үстөмдүк кылып келген. Бирок, баштапкы деңгээл дээрлик нөлгө барабар болгон шартта, пайда болгон ар кандай жаңы бирдик «бир нече эселеп өсүү» деген статистикалык эффектти жараткан [8, 9].

© The Author(s) 2026.
This article is an open access article distributed under the terms and conditions of the Creative Commons Attribution (CC BY) license (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/).

Индустриялаштыруунун чыныгы масштабын жана анын жергиликтүү калктын турмушуна тийгизген таасирин баалоо үчүн пландардын аткарылышын, кадрдык саясатты жана социалдык өзгөрүүлөрдү объективдүү талдоо зарыл. Бул саясаттын чийки заттык багытын жана пландаштыруудагы мүчүлүштүктөрдү тарыхый өңүттө кайра карап чыгуу заманбап тарых илими үчүн актуалдуу болуп саналат.

Маселенин тарыхый аспектилери советтик доордогу беш жылдыктардын алкагында Б.Б. Чыймылованын эмгектеринде кеңири изилденген. Ошондой эле, өткөөл мезгилдеги социалдык-экономикалык трансформациялар Ч.Р. Айнекенова тарабынан талдоого алынса, транспорттук инфраструктуранын, өзгөчө темир жолдордун курулушунун тарыхы А.М. Джумабаеванын изилдөөлөрүндө чагылдырылган. «Кыргыз ССРинин тарыхынын» көп томдуктарында бул мезгилдеги өнөр жайдын өсүшү боюнча негизги статистикалык маалыматтар топтолгон.

***Изилдөөнүн максаты*** – 1920–1930-жылдардагы Кыргызстандагы индустриялаштыруу саясатынын ишке ашырылышындагы ички карама-каршылыктарды, пландар менен реалдуулуктун ортосундагы ажырымды жана анын социалдык натыйжаларын аныктоо. Изилдөөнүн милдеттери:

- Индустриялаштыруунун баштапкы базасына жана чийки заттык багыттагы стратегиясына баа берүү;
- Биринчи жана экинчи беш жылдык пландардын аткарылышын статистикалык маалыматтардын негизинде талдоо;
- Транспорттук инфраструктурадагы стратегиялык каталардын өнөр жайга тийгизген таасирин изилдөө;
- Саясаттын жергиликтүү калктын ичинен жумушчу табын калыптандыруудагы ролун аныктоо.

**Изилдөөнүн методологиясы.** Изилдөөдө тарыхый-салыштырмалуу жана статистикалык талдоо усулдары колдонулуп, архивдик маалыматтар менен советтик беш жылдыктардын пландык көрсөткүчтөрүнө булактаануучулук анализ жүргүзүлдү. Бул ыкмалар индустриялаштыруу саясатындагы каржылоо маселелерин жана пландар менен реалдуу жыйынтыктардын ортосундагы ажырымды объективдүү аныктоого мүмкүндүк берди.

**Изилдөөнүн натыйжалары жана талкуу.** 1925-жылдын декабрь айында ВКП(б)нын XIV съездинде индустриялаштыруунун стратегиялык багыттары катары ири өнөр жайды, металлургияны, отун өндүрүшүн жана транспортту өнүктүрүү, ошондой эле кадрларды даярдоо милдеттери коюлган. Бирок, Орто Азия региону үчүн бул саясаттын өзүнчө мүнөзү аныкталган. 1926-жылдын март айында РКП(б) БКнын Орто Азия бюросунун пленумунда аймактагы өнөр жайды өнүктүрүүнүн негизги багыты катары техникалык чийки заттарды кайра иштетүү белгиленген [1, 72-б.].

Бул стратегиянын артында Орто Азияны, анын ичинде Кыргызстанды да, борбордук райондор үчүн чийки зат жеткирүүчү аймак катары сактоо максаты турган. Чийки заттар негизинен республикадан сыртка чыгарууга арналган, ал эми жергиликтүү өнөр жай ички керектөөлөрдү гана камсыз кылууга тийиш эле. Мына ушул себептен, 1920–1930-жылдары Кыргыз обкомунун партиялык жыйындарында өнөр жай маселеси бир да жолу өз алдынча маселе катары көтөрүлгөн эмес.

Индустриялаштыруу башталган учурда Кыргызстандагы өндүрүштүк база өтө чабал болгон. Республикада негизинен отун өнөр жайы (көмүр казуу) жана майда жергиликтүү ишканалар гана иш алып барган. 1925-жылдагы абалга карата өндүрүштүк кубаттуулуктар төмөнкүдөй мүнөздөлгөн:

- Тоо-кен тармагы: Кызыл-Кыя, Сүлүктү жана Көк-Жаңгак көмүр кендери иштеп, алар жылына 120,6 миң тонна көмүр өндүргөн.
- Кайра иштетүүчү ишканалардын саны республикада 10дон ашуун гана болуп (тегирмен, тери иштетүүчү жана пахта тазалоочу завод ж.б.), аларда 1600дөй жумушчулар иштеген [7, 15-б.].
- Кустардык өндүрүш: Жалпысынан 4 миңден ашуун майда ишкана катталган, аларда 8 миңдей адам эмгектенген [3, 315-б.].

Бул ишканалардын технологиялык абалы өтө артта калган эле. Маселен, ишканалардын 62,2 пайызында бир гана жумушчу иштесе, болгону 0,7 пайызында алтыдан ашык адам эмгектенген. Механикалык кыймылдаткычтар шаарлардагы ишканалардын 5,5 пайызында гана болгон. Жалданма жумушчуларды пайдалануу деңгээли да төмөн болуп, алардын жалпы саны миңге жакын адамды гана түзгөн.

1927/28-чарбалык жылында өнөр жайдын дүң продукциясы 11 миллион 507 миң рублди түзүп, бул 1913-жылдагы (революцияга чейинки) деңгээлдин 95 пайызына жеткен. Бул көрсөткүчтөр [6. 303-б.] индустриялаштыруунун баштапкы базасы канчалык деңгээлде алсыз болгонун тастыктайт:

- Республиканын ар бир тургунуна орточо эсеп менен 11,58 рублдик гана өнөр жай продукциясы туура келген.
- Көмүр казуунун наркын алып салганда, бул көрсөткүч 7,83 рублге чейин төмөндөгөн.
- Социалдык түзүмдө жумушчу табынын үлүшү өтө аз болгон: ар бир миң тургунга 3,2 жумушчу туура келсе, жергиликтүү кыргыз калкынын арасында бул көрсөткүч 0,46ны гана түзгөн.

Дал ушундай оор социалдык-экономикалык шарттарда Кыргызстан биринчи беш жылдыктын масштабдуу пландарын ишке ашырууга киришкен. 1928-жылдын апрель айында Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу Комитетинин сессиясы биринчи беш жылдык планды түзүү боюнча директиваны кабыл алган. Пландаштыруу жараяны башынан эле карама-каршылыктар менен коштолгон. Алгачкы сунушталган эки вариант тең (18,1 млн жана 34,4 млн рубль капиталдык салым каралган) республиканын чарбалык мүмкүнчүлүктөрүн эске албайт деген жүйө менен четке кагылган.

1929-жылдын декабрында бекитилген пландын акыркы варианты өтө масштабдуу болуп, өнөр жайга 240 миллион рубль жумшоо каралган [3, 375-б.]. Бул беш жылдык планда республиканын өнөр-жай тармактарына төмөнкүдөй максаттар коюлган [6, 304-б. ]:

- Өнөр жайдын коомдук продукттагы үлүшүн 5,47 пайыздан 20–23 пайызга чейин көбөйтүү.
- Көмүр казууну 1 миллион 360 миң тоннага жеткирүү.
- Чүй электр станциясынын жана Фрунзе–Рыбачье темир жолунун курулушун аяктоо.

- Курулуш индустриясынын дүң продукциясын 24 эсеге (309 миң рублден 7,4 млн рублге чейин) өстүрүү.

Бирок, бул амбициялуу пландарды ишке ашыруу үчүн каржылык база жетишсиз болгон. Беш жылдыктын соңунда өнөр жайга пландалган каражаттын 46,2 пайызы гана жумшалган [1, 72-б.]. Бул каржылык ажырым пландардын сапаттык жана сандык аткарылышына түздөн-түз таасир эткен.

Биринчи беш жылдыктын жыйынтыгы боюнча, республикада 41 өнөр жай ишканасы курулуп ишке киргизилген [7, 73-б.]. Эл чарбасындагы өнөр жайдын үлүшү 23,5 пайызга жетип, план 0,5 пайызга ашыгы менен аткарылгандай көрүнгөн. Бирок, бул «өсүш» өнөр жайдын өнүгүүсүнөн эмес, айыл чарбасындагы трагедиялуу абалдан улам келип чыккан. 1932-жылдагы дан эгиндеринин түшүмсүздүгү жана малдын санынын кескин азайышы экономиканын структурасында өнөр жайдын үлүшүн жасалма түрдө жогорулатып койгон.

Реалдуу көрсөткүчтөр планга туура келген эмес:

- Көмүр өнөр жайы: 745 миң тонна казылып, план 54,7 пайызга гана аткарылган.
- Курулуш индустриясы: Пландын 32,6 пайызына гана жеткен.
- Транспорт: Фрунзе – Рыбачье темир жолу Кантка чейин гана жетип, болгону 10 чакырымды түзгөн [6, 305-б.].

Өзгөчө чоң ийгиликке өнөр жай кооперациясы гана жетишип, пландагы көрсөткүчтөн төрт эсе ашып түшкөн. Бул ири индустриялаштыруу эмес, майда өндүрүштүн эсебинен статистиканы толтуруу аракети болгондугун айгинелейт.

1933-жылы январда өткөн ВКП (б) нын Кыргыз обкомунун 6-пленумунда республиканын экинчи беш жылдык планы талкууланган. Бирок бул план мыйзамдык жактан 1935-жылы 1-6-январь күндөрү өткөн Кыргыз АССР Советтеринин 4-съездинде бекитилген болчу. Экинчи беш жылдыкта Кыргызстандын эл чарбасын өнүктүрүүгө 657,4 миллион рубль капиталдык салым бөлүү каралган [3, 488-б.]. Бирок, бул ири сумма жалпы союздук масштабда алганда өтө аз – болгону 0,49 пайызды гана түзгөн. Бул цифра Кыргызстандын жалпы союздук индустриялык комплексте артта калган аймак катары кала бергенин далилдейт.

Бул мезгилдеги негизги долбоорлор оор өнөр жайына (148 миллион рубль), анын ичинде көмүр казууга (115 миллион рубль), тамак-аш (63,7 миллион рубль) жана жеңил өнөр жайына (61,6 миллион рубль) багытталган.

Беш жылдык планга ылайык коюлган милдеттердин айрымдарына токтоло кетсек: көмүр казып алууну жылына 3 миллион тоннага жеткирүү; Кара-Балтада, Ново-Троицкте жана Караколдо кант заводдорунун курулушун аяктап, кант өндүрүшүн 8,3 миң тоннадан 40 миң тоннага чейин көбөйтүү; республикадагы жалгыз Фрунзе эт комбинаты өндүргөн продукциянын көлөмүн 11,9 миң тоннага жеткирүү; Фрунзе шаарында сукно комбинатын, шпагат-аркан фабрикасын, байпак фабрикасын, бут кийим фабрикасын, айнек заводун жана мөмө-жемиш-консерва комбинатын куруу. Ошондой эле Кант – Рыбачье (139 км), Мельниково – Шураб (52 км), Уч-Коргон – Таш-Көмүр (33 км) темир жолдорун жана Фрунзе – Торугарт (523 км), Ош – Хорог (754 км) автожолдорун куруу [3, 488-489-бб.].

Бирок 1937-жылдын жыйынтыгы көрсөткөндөй, көмүр казуу 896 миң тоннаны гана түзүп, план болгону 29,9 пайызга аткарылган. Кирпич өндүрүүдө 50 миллион даананын ордуна 27,1 миллион даананы гана түзүп, план 54 пайызга гана аткарылган [6, 306-б.].

Индустриялаштыруунун ийгилиги тикелей транспорттук инфраструктурага көз каранды эле. Бирок бул багытта Кыргызстан үчүн стратегиялык каталар кетирилген. Түркстан–Сибирь темир жолунун баштапкы Курдай багытынын (Фрунзе аркылуу өтө турган) ордуна башка багыттын тандалып калышы республиканы интенсивдүү өнүктүрүүнүн эң негизги мүмкүнчүлүгүнөн ажыраткан [1, 73-б.]. Ошондой эле, Кант – Рыбачье темир жолунун курулушунда маселелер келип чыккан. Темир жолдордун курулушун өз убагында жана толук көлөмдө каржылабоо, курулуш иштерин жүргүзүүгө мүмкүндүк берген эмес. Натыйжада Канттан Токмокко чейинки курулуп бүткөн темир жол полотносу акырындап бузулуп баштаган. Бул транспорттук туңгуюк республикадагы өнөр жай ишканаларынын чийки зат менен камсыз болушун жана продукцияны сыртка чыгарууну кыйындаткан.

Республиканын жетекчилиги курулушту улантуунун зарылдыгын негиздеп, СССР Эл Комиссарлар Советине бир нече жолу кайрылганына карабастан, бул кайрылуулар курулуштун кайра жанданышына алып келген эмес. Мисалы, 1932-жылдын декабрь айында Кыргыз ССРинин Эл Комиссарлар Советинин төрагасы Жусуп Абдрахманов СССР Эл Комиссарлар Советинин төрагасы Вячеслав Молотовго темир жол курулушун улантуу өтүнүчү менен кайрылган. 1940-жылдын сентябрь айында гана СССР Эл Комиссарлар Совети менен ВКП(б) БКсынын курулушту консервациядан чыгаруу жана 1940-жылы курулуш иштерин кайра улантуу жөнүндө токтому кабыл алынган [2, 63-66-бб.].

1939-жылдын февраль айында өткөн Кыргызстандын Коммунисттик партиясынын кезексиз III съезди үчүнчү беш жылдыктын контролдук көрсөткүчтөрүн бекиткен. Бул планды каржылоого 486 миллион рубль каралып, мурункуларга караганда бир топ жогору максаттарды койгон [4, 63-б.]. Маселен, 1942-жылы көмүр казуунун көлөмү 1937-жылга салыштырмалуу 4,4 эсеге көбөйүшү керек эле. Ошондой эле түстүү металлургия (коргошун, цинк, сурьма, сымап ж.б.) жана мунай өндүрүү боюнча кеңири программа пландалган.

1941-жылы Улуу Ата Мекендик согуштун башталышы менен бул план үзгүлтүккө учурады. Советтик мезгилдеги тарыхнаамада 1940-жылдын жыйынтыгы менен Кыргызстандын эл чарбасында өнөр-жайдын үлүшү 50,4 %га жеткендиги белгиленген [4, 70-б.]. Бирок, постсоветтик изилдөөлөрдө пландуу тапшырмалардын аткарылбагандыгы байкалат. Мисалы, 1940-жылдын жыйынтыгы боюнча айрым тармактардагы реалдуу көрсөткүчтөр өтө төмөн болгон [6, 306-б.]:

- Тамак-аш өнөр жайы: 81%.
- Эт-сүт өнөр жайы: 52,3%.
- Жергиликтүү өнөр жай: 66,7%.
- Капиталдык курулуш: Болгону 38,1%.

Бул цифралар согуш алдындагы республиканын өнөр жайы пландалган темптерге такыр туура келбегенин далилдейт. Бирок, бул беш жылдыктар мезгилинде тамак-аш өнөр жайы, жеңил өнөр жайы, көмүр өнөр жайы жана оор өнөр жайынын пайдубалы түптөлгөнүн белгилеп кетүү зарыл. 1940-жылы өндүрүлгөн өнөр жай продукциясынын жалпы көлөмү 1913-жылга салыштырганда дээрлик 10 эсеге өскөн [5, 91-92-бб. ].

1920-1930-жылдарда өнөр жайдын жай өнүгүшү түздөн-түз жумушчу табынын өсүшүнө жана анын сапаттык курамына таасир эткен. 1937-жылы орто жана ири ишканаларда 14,5 миң адам иштеген, бул ар бир миң тургунга болгону 10,5 фабрика-завод жумушчусу туура келген [6, 306-б.]. Өзгөчө жергиликтүү улуттун өкүлдөрүн индустриялык өндүрүшкө тартуу маселеси курч бойдон калган. Өнөр жай жумушчуларынын болжол менен 20 пайызын гана кыргыздар түзгөнүн эске алсак, кыргыздар арасында бул көрсөткүч миң адамга 4 жумушчудан ашкан эмес. Бул болсо индустриялаштыруу жергиликтүү калктын социалдык түзүмүнө жана жашоо образына олуттуу таасир тийгизе албагандыгынын далили болуп саналат.

**Корутунду.** Жогоруда келтирилген тарыхый жана статистикалык маалыматтарды талдоо төмөнкүдөй корутундуларды чыгарууга мүмкүндүк берет:

1. Статистикалык иллюзия: 1920-1930-жылдардагы өнөр жайдын «тез өсүшү» реалдуу өндүрүштүк кубаттуулуктардын жогорулашынан эмес, баштапкы деңгээлдин өтө төмөндүгүнөн (дээрлик нөлдүк чекиттен) улам келип чыккан.
2. План менен реалдуулуктун ажырымы: Бардык негизги пландар каржылоонун жетишсиздиги жана уюштуруудагы мүчүлүштүктөрдөн улам толук аткарылган эмес.
3. Чийки заттык багыт: Кыргызстан бул учурда союздук борбор тарабынан өз алдынча индустриялык борбор катары эмес, чийки зат (көмүр, айыл чарба азыктары) жеткирүүчү база катары каралган.
4. Социалдык жыйынтык: Индустриялаштыруу саясаты жергиликтүү кыргыз калкынын ичинде күчтүү жумушчу табын түзө алган эмес.

Демек, согушка чейинки жылдары Кыргызстандын өнөр жайы айрым жетишкендиктер менен кошо төмөн деңгээлде кала берген. Советтик мезгилдеги расмий идеология ырастагандай, «социализмдин экономикалык базасы ийгиликтүү түзүлгөн» деген пикирлерге реалдуулуктан алысыраак болгон.

**Колдонулган адабияттар**


1. Айнекенова Ч. Р. Проблемы социально-экономических преобразований в переходные периоды истории Кыргызской Республики. – Бишкек, 2019. – 240 с.
2. Джумабаева А. М. История строительства железных дорог в Кыргызстане (1917–1955 гг.). – Бишкек, 2008. – 186 с.
3. История Киргизской ССР. В 5-ти томах. Т. 3. – Фрунзе: Кыргызстан, 1986. – 650 с.
4. История Киргизской ССР. В 5-ти томах. Т. 4. – Фрунзе: Кыргызстан, 1990. – 580 с.
5. Кыргызская государственность: статистика веков. – Бишкек: Нацстатком КР, 2003. – 320 с.
6. Плоских В. М., Джунушалиев Д. Д., Абдрахманов Т. А. История кыргызов и Кыргызстана: Учебник для вузов. – Бишкек, 2015. – 350 с.
7. Чыймылова Б. Б. Развитие промышленности Киргизии в годы первой и второй пятилетки (1928–1937 гг.): дис. ... канд. ист. наук: (рукопись). – Фрунзе, 1962. – 195 с.

8. Ильяз кызы Т. (2026). Кыргызстандагы айыл чарба эмгекчилеринин социалдык абалынын тарыхый эволюциясы (1930-1980-жж.). Евразия изилдөөлөрү ачык журналы, №2, бб. 91-99. doi: 10.65469/eijournal.2026.2.11
9. Айдарова А.Н. (2026). Кыргызстандын социалдык-экономикалык өнүгүү тарыхында экологиялык факторлордун орду жана ролу (XX-XXI кылымдар). Евразия изилдөөлөрү ачык журналы, №2, бб. 76-83. doi: 10.65469/eijournal.2026.2.9

*Открытый журнал евразийских исследований*, 2026, №3, сс. 76-84
**doi:** 10.65469/eijournal.2026.3.8
eijournal.ilimbilim.kg

ТАРЫХ / ИСТОРИЯ / HISTORY
УДК 94(575.2)“1920/1930”:338.2

# Противоречия политики индустриализации в Кыргызстане в 1920-1930-е годы: исторический анализ

**Бекешова Айжамал Акылбековна**
*магистрант, Ошский государственный университет, Кыргызстан, bekeshova.aijamal.03@gmail.com*

**Аннотация**

В статье в историко-статистическом аспекте анализируется реализация политики индустриализации в Кыргызстане в период довоенных пятилеток (1920-1930-е гг.) и её социально-экономические результаты. Актуальность темы обусловлена необходимостью объективной оценки противоречий между советской концепцией «стремительного индустриального роста» и реальностью. Цель исследования – выявить причины невыполнения планов первой и второй пятилеток и проанализировать сырьевую направленность региона. В качестве методологической основы использованы историко-сравнительный и статистический методы анализа динамики роста с нулевого уровня. В результате исследования доказано, что «быстрый рост» индустриализации был статистической иллюзией, финансовое обеспечение планов составило лишь 46,2%, а транспортная инфраструктура осталась неразвитой. Сделан основной вывод о том, что политика индустриализации не смогла сформировать сильный рабочий класс среди местного населения, а республика продолжала выполнять роль сырьевой базы союзного центра.

**Ключевые слова:** история Кыргызстана, индустриализация, пятилетние планы, капитальные вложения, статистический анализ, рабочий класс, угольная промышленность, транспортная инфраструктура

*Open Journal of Eurasian Issues*, 2026, no. 3, pp. 76-84
**doi:** 10.65469/eijournal.2026.3.8
eijournal.ilimbilim.kg

ТАРЫХ / ИСТОРИЯ / HISTORY
УДК 94(575.2)"1920/1930":338.2

# Contradictions of Industrialization Policy in Kyrgyzstan in the 1920s-1930s: A Historical Analysis

**Aizhamal Akylbekovna Bekeshova**
*Master's Student, Osh State University, Kyrgyzstan*, *bekeshova.aijamal.03@gmail.com*

**Abstract**

The article analyzes the implementation of the industrialization policy in Kyrgyzstan during the pre-war five-year plans (1920s-1930s) and its socio-economic results from a historical and statistical perspective. The relevance of the topic lies in the need for an objective assessment of the contradictions between the Soviet concept of «rapid industrial growth» and reality. The research objective is to identify the reasons for the failure of the first and second five-year plans and to evaluate the region's raw-material orientation. The methodological framework is based on historical-comparative and statistical methods for analyzing growth dynamics from the initial near-zero level. As a result of the study, it was proven that the «rapid growth» of industrialization was a statistical illusion, financial support for plans reached only 46.2%, and transport infrastructure remained insufficient. The main conclusion states that the industrialization policy failed to form a strong working class among the local Kyrgyz population, and the republic remained a raw material base for the Union center.

**Keywords:** history of Kyrgyzstan, industrialization, five-year plans, capital investment, statistical analysis, working class, coal industry, transport infrastructure